***Анарбаева Г.А., Рысбаева Ж.Т.***

# Эстеликтер эмнеден кабар берет ?...

Кыргыз республикасы 2007-жылы өз эгемендүүлүгүнүн 16 жылдыгын салтанаттуу түрдө белгиледи. Бул кыска мезгилдин ичинде кыргыз эли өз башынан бир топ кыйынчылыктарды, жетишкендиктерди өткөрдү. Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин кыргыз элинин бүткүл дүйнө жүзүнө өзүнүн байыркы тарыхы, үрп-адаты, каада-салты менен даңазаланышы ар бир кыргызды кайдыгер калтырбайт. Бул болсо тарыхчыларды азыркы мезгилде кыргыз элинин тарыхына жаңыча көз караш менен кароого, көмүскөдө жаткан бир топ ачылыштарды жасоого үгүттөйт.

Тарыхты терең изилдеп кайра карап чыгууда тарыхый, жазма булактар менен катар тарыхый эстеликтердин мааниси өтө чоң, ал эми муну толуктоодо кыргыз жергесиндеги бай тарыхый эстеликтер чоң роль ойномокчу. Азыркы мезгилде биздин облусубуздун аймагынан табылган бир топ тарыхый эстеликтерди, археологиялык казуулардын натыйжасында табылган буюмдардын кандай жасалгандыгын, кайсыл доорго таандык экендигин далилдөө иштери жакшы жолго коюлбагандыгына, ушул мезгилге чейин жетекчилер тарабынан көңүл бурулбагандыгына «Тарых» адистигинде окуп жаткан студенттер менен жүргүзүлгөн археологиялык, музейдик, этнографиялык практикалардын жүрүшүндө күбө болдук. Быйылкы окуу жылында адистиктин ачылганына 12 жыл болду. Бул кыска мөөнөттүн ичинде «Тарых» адистигиндеги студенттер, кафедранын окутуучулары бир топ алгылыктуу иштерди жасашты. Кафедра мүчөлөрүнүн күжүрмөн эмгегинин натыйжасында жыл сайын студенттер теориялык жактан алган билимин практида өз көздөрү менен көрүшүп, көп тарыхый окуяларга күбө болушууда. Окуу планына ылайык адистиктин студенттери өндүрүштүк (археологиялык, этнографиялык, музейдик), педагогикалык жана мамлекеттик практикаларды өтөшөт.

Кыска мезгилдин ичинде биздин студенттер Ош, Өзгөн, Талас, Бишкек шаарларында жана коңшулаш Өзбек республикасынын Кокон шаарында музейдик практикаларды өтөшсө, областыбыздын бардык мектептеринде, орто жана жогорку окуу жайларында педагогикалык, мамлекеттик практикаларды өтөшүп, бир топ ийгиликтерди жаратып келишүүдө.

Практиканын негизги максаты, биринчиден студенттердин теориялык жактан алган билимин иш жүзүндө айкалыштыруу, облусубуздун аймагындагы тарыхый эстеликтерди, ыйык жерлерди изилдөө жана алардын картасын кайрадан тактап түзүү болуп саналат.

Кафедра окутуучулары т.и.к. проф. Айдаркулов К.А, т.и.к.доц.м.а. Анарбоева Г.А, ага окутуучулар Рысбаева Ж.Т, Мырзабаева Н.С жетекчилиги астында жүргүзүлгөн археологиялык жана музейдик практика мезгилинде жыл сайын студенттер Саймалууташ, Чаткал, Аксы, Алабука, Ноокен, Базаркоргон багыттары боюнча тарыхый жерлерге барышып өз изилдөөлөрүн жүргүзүшөт. Мындан ары практика мезгилинде облусубуздун аймагынан табылган кызыктуу материалдар жана тарыхый эстеликтер жөнүндө кеңири маалымат беребиз.

Сузак районуна караштуу Үчмалай айылынан Жалгызжаңак айылына жол салып жатып, ушул айылдын жергиликтүү тургуну Бакиев Маматкадыр аба 1987-1988-жылдары көлөмү 200 литр болгон кумура таап алган. Кумуранын оозу атайын таштан тегерек кылып жаап коюлган. Анын ичине 18 челек суу баткан. Бул кумуранын бийиктиги 1 метр болуп, бышырылган чоподон жасалган. Кумураны чертип көрүшкөндө укмуштуудай үн чыккан. Оштук окумуштуулар келип бул кумураны изилдешип көрүп, ал биздин заманга чейинки VIII кылымга таандык экенин далилдешип, аны ошол мезгилде жашаган көчмөн уруулар муздаткыч (холодильник) катары пайдаланышкандыгын белгилешкен. Ошол эле жерден дагы 4 кумура табылып, алардын бирөөсүнүн ичинен аттын баш сөөгү табылган. Тилеке каршы бул кумуралар 1997-жылы селдин айынан агып кеткен.

Беш мойнок айылынын тургуну Баатыр аке эски тамын бузуп жатып чоподон жасалган көзөлөрдүн сыныктарын таап алган. 1983-жылы каза болгон кемпирди жерге коюп жатканда бир кумура табылган.

Ошол эле жерден арык казып жатышкан учурда көзө таап алышып, аны сындырып алышкан. Бирок анын ичинен күлдөн башка эч нерсе чыккан эмес.

Жалалабат - Казарман жолун оңдоочулар бул жерден найзанын сыныктарын, байыркы мезгилде пайдалануучу кайчы, ошондой эле мончоктордун табылгандыгын айтышты. Ал эми Долоно жайлоосуна жайлаган Жоонкүнгөй айылынын тургуну Досумбетов Жармамат аксакалдын айтуусу боюнча байыркы көчмөн уруулар өз ара чыр-чатак чыкканда ушул жер түзөң келгендиктен уруу баатырлары ушул түз жерде жекеме-жеке беттешишкендигин, жеңилген баатырды курал жарагы менен ошол жерге көмүшкөн деген божомолду баяндайт. Ошондой эле Көчкөнжар айылынан да жыл сайын көп буюмдар табылгандыгын жергиликтүү калк айтып берди.

Барпы айылына караштуу Сай айылынын Курманбек үңкүрүнөн кызыктуу материалдарды кезиктирдик. Үңкүрдүн бийиктиги 2 метрден баштап 4-5 метрге чейин жетип, кенендиги 150-200 кой баткыдай 10-15 чарчы метр бар. Үңкүрдүн экинчи аты Түндүк, себеби ал жерде жашаган адамдар үңкүрдүн төбөсүндөгү тешикти жыгач менен түндүккө окшотуп тосуп коюшкан экен. Ал эми ылдый жагындагы аскадагы сүрөттөр, бул жерде биздин доорго чейинки жашоонун болгондугун айгинелейт. Тилекке каршы көп убакыттын өткөндүгүнө байланыштуу сүрөттөрдүн көбү өчүп кеткен. Ал жеде көбүнчө тоо эчкилеринин сүрөттөрү кезигет. Алар кызыл боөк менен тартылган. Сүрөт узуну 2 метр, туурасы 1 метрге жакын келген тактанын ичине тартылган. Бул жерде 15 ке жакын кайберендердин сүрөтү жана иттин келбетине окшош сүрөт тартылган. Кайберендердин кыймылы начар берилген. Бир жеринде эчки оттоп жаткандай сүрөттөлгөн. Сүрөттөрдүн көлөмү 6 - 7 чарчы см. аянтты ээлейт. Бул эстеликтер ушул аймакта биздин доорго чейинки мезгилде көчмөн уруулар жашап, аңчылык менен кесиптенишкендигин далилдейт. Ошондой эле бул айылдын бир аксакалына мүрзө казып жатып, чоң кишинин дене сөөгүнө (скелетине) туш болушат. Негизинен, бул мүрзөдөн баш сөөк, бут чыгып, калган бөлүктөрү чачыранды түрүндө алынган. Өлүктүн башы күн батыш тарапка баштантып коюлуп, чалкасынан жаткырылган. Баш сөөккө жакын жерден кичинекей кара идиш жана жаргылчакка окшош, бирок сыйда таштан жасалган бир жуп таш табылган. Таштын биринин ортосунда тешик табылган, сап үчүн тешик жок болгон. Баш сөөктүн, тиштеринин үстү жагындагы жарымы бүтүн болгондуктан, баш сөөк жаш адамга тиешелүү деп божомолдошкон.

Базаркоргон, Ноокен багыты боюнча элибиздин тарыхына байланыштуу эстеликтер Тоскоол Ата үңкүрүнүн жанынан 40 мечиттин орду бар экендиги, мечит 40 бөлмөдөн болуп, анын жанында туурасы жана узуну 35 см болгон таш табылган. Анын үстүнө гүлдөрдүн сүрөтү чегилген. Ал эми капталдарына араб тамгасына окшош тамгалар менен жазылган жазуулар бар. Бирок бул таштагы жазууну ушул күнгө чейин эч ким окуган эмес. Ошондай эле 40 мечит да азыркы күнгө дээрин казылган эмес. Эгерде тийиштүү адистер келип бул жерди изилдешсе көп табышмактуу сырлардын күбөсү болмок элек.

Арстанбаптын күн батыш тарабынан Ханшырдак жеринен азыркы мезгилдеги кыштарга (кирпич) окшобогон кыштар табылууда. Ошондой эле Каба айылынан адамдын баш сүрөтү түшүрүлгөн чоң кумуранын сыныгы жана кумуралар табылган. Кызыл үнкүрдөн да чоподон жасалган чоң көлөмдөгү кумура табылган. Бул жердеги табылган ар кандай буюмдар жергиликтүү мектептердин тарых музейлеринде экспонат катары сакталууда. Тилекке каршы алар толугу менен изилденген эмес.

Ноокен району боюнча да студенттерибиз бир топ археологиялык эстеликтер бар экендигине күбө болушкан. Тоскоол айылынан чоподон жасалган көзө, табак, кумура, бою узун кишиге тиешелүү сөөк табылган. Бирок, сөөктү кайра эле көмүп салышкан. Кызылжылдыз айылынан Рахманжан колхозунун аймагында жайгашкан жер үстүнөн байкалбай жеп кеткен арыктын боюнан 1966 – 1968 жылдары белгилүү окумуштуу, археолог Ю.А. Заднепровский тарабынан излиденген кыштан жасалган, жер астында тургузулган, капкалуу, төрт чарчы табыт табылган. Көрдүн түбүн карай тепкичтер жасалган. Бул XI - XII кылымга таандык экендиги далилденген. Ал эми Жоонарык айылынан чоң адамдын сөөгү, чоподон жасалган көзө, жана аяк сыяктуу идиштер табылгандыгын жергиликтүү тургундар айтышкан. Богот айылынан үй куруудга топурак казып жатышып бир топ чоподон жасалган идиштер табылган. Бизге кабар беришкенден кийин ал жерге барып өз көзүбүз менен бир топ

ар кандай көлөмдөгү бышырылган чоподон жасалган идиштерди көрдүк. Бир жерден адамдын жанбаш сөөгүн таптык, эң кызыктуусу ал сөөктүн жанынан кызыл чоподон жасалган көзөчөнүн сыныктары чыкты. Ал идиштер өзүнүн жасалышы боюнча X – XII кылымдарга таандык болуп, саны жагынан көп болгондуктан бул жерде өзүнчө гончардык цех болушу мүмкүн деген жыйынтыкка келдик. Кумуралардын көлөмү да ар кандай эң чоңу 20 литр болуп аны буудай сакталып турган жеринен көрдүк.

Алабука, Аксы, Чаткал багытында качандыр бир убакта болуп өткөн окуялардан дарек берүүчү көптөгөн эстеликтер бар. Чаткал районунун түштүк жагындагы эң четки Шакафтар шаарчасынан Мончоктөбө деген кичине айылынан чоң таш табылган. Ал таштын бети бүт бойдон арабча тамга менен толтурулган. Бирок көп кылымдар бою бул жазууну тарыхчылар чечмелей албай келишкен. 1960 – 1965 жылдары орус окумуштуулары да окуй алышкан эмес. Таш бетиндеги тамгалардын чоңдугу китептеги тамгалардай эле бар. Таш бетинде 40 ка жакын сүйлөм болуп, булардын айрымдары сүрүлө берип өчүп кеткен. Биздин оюбузча бул ташта ушул айылга байланыштуу бир орчунду окуя жазылып калган болсо керек. Бул таштын өңү кара – көк келип, туурасы 90 см, узундугу 1 м. 10 см., бийиктиги 20 см. жалпак келген бети тегиз таш. Эгерде бул жазуу толугу менен окулуп , чечмеленсе көп кызыктуу маалыматтарды алмакпыз.

Ал эми Өзбекстан менен Кыргызстандын чек арасында жайгашкан Касансай айылында жана Алабукага чектешкен жеринде “Зектин чеби” деп аталган, канчанчы кылымга таандык экендиги белгисиз, калың дубал (ылайдан курулган чеп) бар экен. Азыркы мезгилде ал дубалдардын айрым бөлүктөрү гана калып, калгандары белгисиз болуп калган. Бул чеп жергиликтүү калктын айтуусу боюнча б.з.ч 324 – жылы Александр Македонскийдин түштүк жергесине баскынчылык жортуулу учурунда пайда болгон. Ал Алабука, Чаткал багытында “Мук” деген ат менен пайда болгон. Ошол мезгилде көчмөн кыргыз урууларынын каршылыгына туш келип, анын аскерлеринин саны азайганда Мук кыргыз башкаруучусуна бир кызын берип, кыргыз беги менен куда болот. Ал кийин бир уулдуу болуп, атын Зек коёт. Кыргыз беги каза болгондон кийин атасына арнап, узун дубал тургузат. Дубалдын кеңдиги 6 метр болгондуктан, кулдар араба мене ылай ташышкан экен. Кийин бул дубал Зектин атына “Зек чеби” деп аталып калган.

Алабука районунун Жапасалды айылында Сафедбулан мазары бар. Азыркы мезгилде бул мазар реставрацияланганда кийин сыйынууга келген адамдардын саны жыл сайын көбөйүп барууда. Айрыкча коңшулаш Өзбекстан, Тажикстан, Казакстандан келген саякатчылардын саны арбын. Бул жерде археологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, б.з.ч. II кылымга таандык болгон 2 конус сыяктуу коло билерик табылган. Бул билерик коло дооруна таандык экендигин белгилүү окумуштуу археолог Ю.А. Заднепровский далилдеген.

Дагы сыймык менен атап кетүүчү нерсе бул биздин Алабукадагы ыйык сыйынуучу жер Шах Фазилдин жаткан жери.

Чаткал өрөөнүнөн сак урууларына таандык болгон бир топ дөбөлөрдү өз көзүбүз менен көрдүк. Жергиликтүү жолчу (тракторист) Рыскулбек агайдын үйүнөн Египеттеги фараондун элеси түшүрүлгөн алтындан жасалган кичинекей статуетканы көргөнүбүздө, бул жердеги байыркы уруулар, чыгыштын бай цивилизациясы менен байланышта болгондугу бизди аябай таң калтырды.

Кыргыз республикасынын улуттук илимдер академиясынын тарых институтунун археология бөлүмүнүн кенже илимий кызматкери А. Сулаймановнанын жетекчилигинде 2002-ж сентябрь айында Чаткал районунда археологиялык чалгындоо иштери Бешарал коругунда улантылды. Тарыхый эстеликтерди издөө жана белгилөө иштери Бешарал коругунун Чоңбулак участогунан башталып Баркырак, Найзасуу, Арап жана Каркуш участокторунда жүргүзүлдү. Негизинен, көлөмдүү болуп эсептелген археологиялык обњектилер Чоңбулак жана Баркырак участокторунан табылды. Бул эстеликтер сырткы түзүлүшү боюнча байыркы көчмөн урууларына тиешелүү топурактан жана жалаң кыштан курулган мүрзөлөр болуп эсептелинет. Формалары тегерек дөңсөөчө болуп, диаметри 2м-2.5м, бийиктиги 0,4-1м чейин жетет. Найза суусунан жогору Кайыңдысуу участогунда 100дөн ашуун мүрзөлөр табылды. Анын түштүк батыш тарабында бийик секиге жайгашкан дөбө белгиленди. Ошондой эле Текеташ капчыгайында, 20 түрдүү таштардын бетине түшүрүлгөн сүрөттөр алынды. Мындан

тышкары таш менен топурак аралаш кичине көлөмдөгү мүрзөлөр, ритуалдык жаңы типтеги эстеликтер кездешет. Ритуалдык курулуш орто кылымдагы суу таштардан бир катар болуп жер бетине тизилген. Жерге өтө эле бекитилген эмес. Кээ бир таштардын ордулары бош. Трапеция формасында келип ээндүү тарабы түндүк-чыгышты караган. Узуну 10-11м, туурасы (ээндүү тарабы) 4-5 м, этеги (кууш тарабы) 1,5-2 м келет. Бул бир эле обңектиде 4 курулуш жайгашкан. Мындай типтеги обңектилерди адабияттардан жолуктура алган жокбуз. Ошондуктан, бул табылган курулуштарды, азырынча жаңы типтеги археологиялык обңект деп айтсак болот.

2003-жылы 25-июнда Жалалабат Мамлекеттик Университетинин «Жалпы тарых» кафедрасынын башчысы т.и.к, профессор Айдаркулов К. А., т.и.к., доц., Анарбоева Г. А., ага окутуучулар Рысбаева Ж. Т., Мырзабаева Н. С. жана Тк-1-01 тайпасынын студенттери археологиялык практика уюштуруп, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын тарых институтунун археология бөлүмүнүн кенже илимий кызматкери Сулайманова А. С. менен бирдикте Чаткал районунун Акташ айылында Кызыл деген жерде казуу иштерин жүргүзүштү. Анда сак дооруна таандык эки мүрзө казылды. Биринчи мүрзөнүн диаметри 11,5м. бийиктиги 1,42см., экинчиси узуну 9м. бийиктиги 75см. топурак менен үймөктөлгөн, формасы дөңсөөчө. Тиби боюнча кенетав. Мүрзөлөрдүн жалпы саны 20га жетет. Жогоруда катталган археологиялык обңектилердин схемалык картасын белгилеп, пландары, фото сүрөттөрү алынды.

Чаткал өрөөнүндөгү археологиялык эстеликтер, биздин ата-бабаларыбыздын жашоо-турмушунун тилсиз ачык-айкын күбөлөрү, андыктан аларды ар тараптан тарыхый изилдөө, коргоо илим үчүн зарыл.

Аксы районунуна караштуу Кызылжар кыштагынан, түстүү карападан жасалган бир топ идиштер табылган. Алардын кээ бирлери ЖАМУнун тарыхый-этнографиялык музейине жайгаштырылган.

Түштүк жергесинде тарыхый эстеликтерден сырткары, тарыхый уламыштарга бай ыйык жерлерди чекеден саноого болот. Жалалабаттагы Шор булак, Аюб булак, Кыз булак. Бул жерге келип Аюб пайгамбарыбыз айыксыз дарттан арылгандыгын, азыркы күнгө чейин элибиз уламыш кылып айтып келишүүдө.

Чаткалдагы Ыдырыс пайгамбардын атындагы күмбөзүнө Өзбекстандан жүздөгөн жарандар келип сыйынышып кетишет. Жергиликтүү элден суроо-жооп салганыбызда ажыга барып келгендердин айтымында бул күмбөз Мекеден да ыйык жай болуп саналат экен. Бирок биз ал жерге барганда бул күмбөздүн бүгүнкү күндө урап калуу астында турганын көрүп, көңүлүбүз чөктү. Бирок, азыркы бийлик төбөлдөрү кечиктирбей кайра калыбына келтирүү жана коргоо ишин колго алат деген үмүттөбүз. Чаткалдын табиятынын шартында күмбөздүн сакталып турушу ислам маданиятынын бир көрүнүшүнөн ынандырарлык негиз болот.

Ал эми Арстанбап, Падышата, Сарычелектеги ыйык жерлердин бүгүнкү абалына мамлекет жетекчилери тарабынан ушул күнгө чейин жеткиликтүү көңүл бурулбай жаткандыгы албетте өкүнүчтүү.

Ошондой эле Майлысуудагы Калпатанын кабыры, Бүбү эне, Көл Кутман ата сыяктуу ыйык жерлерди жакшылап карап, жок дегенде жолун оңдоп, бул жерлердин ыйыктыгын терең түшүндүрүп келечектеги муундарга мурас катары жеткирип берүү бүгүнкү күндөгү ар бир атуулдун парзы.

Университеттин каржылоосу менен студенттер үчүн уюштурулган практика мезгилинде табылган көптөгөн буюмдар ЖАМунун тарыхый – этнографиялык музейине алынып келип, бүгүнкү күндө сакталууда. Тарыхый, архитектуралык комплекстердин макеттери студенттердин күчү менен өтө кылдаттык менен жасалып, музейдин бир бурчун ээлеп турат. Мындай практикаларды өткөрүү оңойго турган жок, биринчиден кедерди кескен акчанын аздыгы, транспорттун жетишсиздиги, жолдун кыйынчылыгына карабай аракет кылсаң берекет демекчи, колдо бар ресурстарды пайдаланып практикаларды жеткиликтүү жана максатка ылайыктуу өткөрүүгө тарыхчылар ар дайым өз билимибизди, күчүбүздү жумшап талыкпай эмгектене бермекчибиз. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ар дайым бизге түшүнүп жакындан жардам көрсөтүп келишкен ЖАМУнун админстрациясына, окуу

бөлүмүнө, университеттин практика бөлүмүнө, бухгалтерияга студенттердин жана тарыхчылардын атынан терең ыраазычылык билдиребиз.

Жыйынтыктап айтканда, бул табылган эстеликтер, обулусубуздун аймагынан орун алган ыйык жерлер, тийиштүү адистер тарабынан илимий жактан изилденсе, Жалалабат өрөөнүнө таандык болгон бир топ кызыктуу тарыхый окуялардын сыры чечилмек. Бул болсо кыргыз элинин тарыхын, маданиятын жана каада- салттарын окуп үйрөнүүдө чоң көмөк көрсөтөт. Биз, келечекте Ош жана Бишкектеги окумуштуу – археологдордун жардамы менен бул ишти акыр аягына чыгарууга аракет кылмакчыбыз. Бул идеябызды ишке ашырууда ЖАМУнун жетекчилиги терең түшүнүү менен бизди колдосо, чоң ийгиликтерге жетишебиз. Сырдуу тамгаларды, жазууларды окууда бүгүнкү күндө ушул эле өзүбүздүн окуу жайда «Аймак таануу» адистигинде окуп жаткан студенттердин жана үзүрлүү эмгектенип жаткан кытай, араб, япон тилдеринин окутуучуларынын жардамын пайдаланууга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Оюбузду жыйынтыктап жатып, таамай айтылган элдик макал эске түшөт «тамырсыз жер болбойт, тарыхсыз эл болбойт», дегендей элибиздин тарыхынын бир бурчу жер-жерлерде казылбай изилденбей жатат.

**Адабияттар**


1. История Киргизской ССР.Том 1.Фрунзе,1984.
2. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы/Жооптуу редактору - А.Какеев.Бишкек,2003.
3. Гуревич А.Я. Проблемы средневековой народной культуры.- М.,1981.
4. Материалы по истории киргизов и Кыргызстана.-Вып.1.-М.,1973.
5. Якубовский А. Вопросы периодизации истории Средней Азии в средние века // КСИИМК.- 1949.
6. Северцов Н.А. Путешествия по Туркестанскому краю. М. «Огиз», 1947. С.88-93.
7. Мушкетов И.В. Туркестан. Геологическое и орографическое описание по данным, собранным во время путешествий с 1874г. по 1880г.т. 1. Санкт-Петербург, 1886. С.130-143. Приложение к протоколу ТКЛА от 5-мая 1897г. С. 18.
8. Информаторлор: Мусабеков И., Казакбаев Ө. 88 жашта., Жунусбеков Сатыбек 85 жашта, Чаткал району, Акташ айылы 2001-ж. Бакиев Маматкадыр 75жашта Сузак району, Барпы айылы, Досумбетов Жармамат 70 жашта Сузак району, Жоонкүнгөй айылы.


* * *